DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

*Абдипаттаев Т.М.*

# 2021-ЖЫЛДЫН 11-АПРЕЛИНДЕГИ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАҢЫ БАШ МЫЙЗАМЫНЫН ДОЛБООРУНДАГЫ ПРЕЗИДЕНТТИН РОЛУ

*Абдипаттаев Т.М.*

# РОЛЬ ПРЕЗИДЕНТА В ПРОЕКТЕ НОВОЙ КОНСТИТУЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ОТ 11 АПРЕЛЯ 2021 ГОДА

*T.M. Abdipattaev*

# THE ROLE OF THE PRESIDENT IN THE DRAFT OF THE NEW CONSTITUTION OF THE KYRGYZ REPUBLIC REPUBLIC OF APRIL 11, 2021

*УДК: 34.342*

*Бул илимий макалада Кыргыз Республикасынын баш мыйзамынын жаны доолборундагы Президентин орду, анын ыйгарым укуктары жана эң маанилүү болгон жоопкерчилиги каралган. Илимий макалада кандай себептер менен жаны баш мыйзам кабыл алуу зарылчыгы келип чыккандыгы айтылып, басып өткөн тарыхын жана кетирген катачылыктарын камтылган. Негизинен эгемендүүлүктү алгандан бери мамлекетибизде бир канча президенттер башкарып өз ордуларын тез тез бошотууга дуушар болушкан. Ошол эле учурда бизге окшогон коңшу өлкөлөр өз башчыларынын ордун көпкө сакташкан. Бул кубулуштардын себептерин издөөгө мен аттандым. Негизинен бул өлкөлөр менен эмне айрымабыз бар? Тилибиз бир, дилибиз бир жада калса динибиз бир. Менимче биздин өлкөдө башкарууга камынып келген мамлекет башчылары өзүнун тарыхый миссиясын унутуп, өз кызыкчылыктарын жана үй-бүлөлүк башкарууну биринчи орунга коюп келген. Ошол максатарды орундатуу үчүн, баш мыйзамды өзгөртүүгө да барышкан. Бирок кыргыз элинин эркиндикке болгон сүйүүсү күчтүү болгондуктан, мамлекет башчыларга арам ойлорун ашырууга жол берген эмес.*

***Негизги сөздөр:*** *укук, тарых, эгемендүүлүк, мамлекет, өлкө, дин, эркиндик, күч, жоопкерчилик, эл.*

*В этой научной статье рассматривается роль Президента в новом проекте конституции Кыргызской Республики, его полномочия и, самое главное, его обязанности. В научной статье разъясняются причины необходимости принятия новой конституции, ее история и ошибки. Вообще с момента обретения независимости нашей страной правили несколько президентов, которые были вынуждены уйти в отставку. В то же время такие соседние страны, как наша, давно сохранили позиции своих лидеров. Я решил найти причины этих явлений. В чем разница между нами и этими странами? У нас один язык, одно сердце и даже одна религия. Я думаю, что лидеры нашей страны, которые хотели править, забыли свою историческую миссию и поставили на первое место собственные интересы и семейное правление. Для достижения этих целей они даже изменили конституцию. Однако сильная любовь кыргызского народа к свободе не позволила лидерам осуществить свои злые замыслы.*

***Ключевые слова:*** *право, история, суверенитет, государство, страна, религия, свобода, власть, ответственность, народ.*

*This scientific article discusses the role of the President in the new draft constitution of the Kyrgyz Republic, his powers and, most importantly, his responsibilities. The scientific article explains the reasons for the need to adopt a new constitution, its history and mistakes. In general, since independence, our country has been ruled by several presidents, who have been forced to resign. At the same time, neighboring countries like ours have long retained the position of their leaders. I set out to find the causes of these phenomena. What is the difference between us and these countries? We have the same language, the same heart and even the same religion. I think that the leaders of our country, who wanted to rule in our country, have forgotten their historical mission and put their own interests and family rule first. In order to achieve these goals, they even changed the constitution. However, the Kyrgyz people's strong love for freedom did not allow the leaders to carry out their evil ideas.*

***Key words:*** *law, history, sovereignty, state, country, religion, freedom, power, responsibility, people.*

Тарых көрсөткөндөй, бул өлкөдө болуп өткөн он биринчи конституциялык референдум. Эгемендүү Кыргызстандын биринчи Конституциясы 1993-жылы кабыл алынган. Ал президенттин, парламенттин жана өкмөттүн ыйгарым укуктарын аныктаган. 30 жылдын ичинде ага 10 жолу референдум жолу менен өзгөртүүгө дуушар болгон. Мисалга алсак, 1994, 1996, 1998, 2001, 2003-жж. Акаев кезиндеги, 2007-ж. Бакиев, 2010-ж. Убактылуу өкмөт жана 2016-жылдагы Атамбаевтин убагындагы өзгөртүүлөр киргизилген.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүү киргизүүнүн демилгечиси 2021-жылдын 10-январындагы кезексиз президенттик шайлоодо жеңип чыккан, Садыр Жапаров болгон. Президенттик шайлоо менен бир күндө өткөрүлгөн башкаруу формасын аныктоо боюнча референдумда шайлоочулардын 81 пайыздан ашыгы парламенттик-президенттик формадан президенттик формага өтүү үчүн добуш беришкен.

Баш мыйзамга өзгөртүүлөрдү иштеп чыгууга 89 адамдан турган атайын чакырылган конституциялык жыйын түзүлгөн. Сынчылар конституциялык конференциянын көпчүлүк мүчөлөрү жана өзгөртүүлөрдүн авторлору анын көз карашын бөлүшкөн, Жапаровдун тарапташтары экендигин белгилешти.

2021-жылдын 11-апрелинде, жергиликтүү кеңештерге шайлоо болгон күнү, Кыргызстанда жаңы

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

конституциянын долбоорун кабыл алуу боюнча референдум өткөн. Негизги мыйзамга сунушталып жаткан түзөтүүлөр биринчи кезекте президенттин ыйгарым укуктарын күчөтүүгө багытталган. БШКнын алдын ала маалыматы боюнча, добуш берүүгө катталган шайлоочулардын 35 пайыздан ашыгы катышкан. Ошол эле учурда референдумдагы 89 миңден ашык бюллетень БШК тарабынан жараксыз деп табылды.

Бирок, шайлоочулардын катышуусунун маалыматтарына ылайык, плебисцит 30 пайыздык чектен ашып кеткендиктен жарактуу деп табылды.

Баш мыйзамды өзгөртүүгө 79,3 пайызы макул, 13,6 пайызы каршы добуш берди. Кыргыз Республикасынын БШКсы референдумдун расмий жыйынтыгын 2-майга чейин чыгарат. Конституциялык референдумдан кийин өлкөдө мөөнөтүнөн мурда парламенттик шайлоо өткөрүлүшү керек.

Эл аралык эксперттер белгилегендей, жаңы конституция мамлекеттин саясий түзүмүн гана эмес, негизги конституциялык принциптерин да өзгөртөт. Анын беренелери салттуу түшүнүктү колдойт. Мисалы, бир палаталуу парламенттеги орундардын саны 120дан 90го чейин кыскарса, коомдук өнүгүү багыттары боюнча сунуштарды бере турган Элдик Курултай, коомдук-кеңешчи жана көзөмөлдөөчү орган катары иш алып барат. [3] Ага ким кирери азырынча белгисиз. Бирок Курултайды чакыруу чечимин президент кабыл алат.

Шайлоочулар добуш берген өзгөртүүлөргө ылайык, президент мамлекет башчысы болуп саналат. Ал бул кызматты эки жолу катары менен ээлей алат, алардын ар бири 5 жылга чейин. Ошондой эле ал аткаруу бийлигин жетектейт, анын ишмердүүлүгүнө жетекчилик кылат, министрлер кабинетинин жыйындарына төрагалык кылат жана өкмөттүн иши үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

Президенттин ыйгарым укуктары анын өтүнүчү боюнча кызматтан кеткен учурда, конституцияда белгиленген тартипте ээлеген кызматынан бошотулганда, ошондой эле ооруп калгандыгына байланыштуу же каза болгондо, ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу мүмкүн болбой калган учурда токтотулушу мүмкүн.

Мындан тышкары, жаңы конституциясынын преамбуласында ата-бабалардын каада-салты жана тажрыйбасына багыт алуу жөнүндө сөз болуп, жалпы адамзаттык адеп-ахлактык баалуулуктарга өзгөчө басым жасалган. Бул учурда артыкчылык патриархалдык институттарга берилет: үй-бүлө, дин, үрп-адат!!!

2010-ж. кабыл алынган баш мыйзамдай эле, бул сапар дагы көптөгөн жергиликтүү юристтер коомдук ишмерлер жана жарандык активисттер Конституциянын жаңы долбооруна каршы чыгышып, аны "Хан Конституциясы" деп атаганга жетишкен жана Садыр Жапаровту бийликти узурпациялоого аракет кылып, аны "ханга" салыштырышууда. Алар ошондой эле Курултайдын орду жөнүндө айтылган өзгөртүүлөрдүн бирин сынга алышты.

Жалпысынан өлкөнүн учурдагы негизги мыйзамына 81 түзөтүү киргизилген. Бирок долбоор парламенттин расмий сайтына жарыяланганына карабастан, аларды талкуулоо Жогорку Кенеш тараптан болгон жок. Конституциялык Кеңешме тарабынан даярдалган бул документ ата мекендик эксперттер тарабынан дагы, юристтер тарабынан дагы, Венеция комиссиясы жана ЕККУ / ДИАУБ сыяктуу эл аралык юридикалык институттар тарабынан сынга алынган.

Эл аралык Human Rights Watch (хуман райтс ватч) укук коргоо уюмунун өкүлдөрү референдумга киргизилген конституциялык түзөтүүлөр адам укуктарынын ченемдерине шек келтирет жана кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланбоо үчүн тең салмактуулук балансын бузат деп ырасташкан. Мындан тышкары, жаңы конституция жарандардын тынч чогулуу эркиндигине, ошондой эле сөз эркиндигине болгон укуктарын кыйла чектейт деп эсептешет.

Кантсе да биз Кыргыз мамлекетинин жарандык коому эгемендүү өз алдынча мамлекет экенибизди унутпоо зарыл. Алдыга койулган максаттарга ылайык саясий, экономикалык оор кырдаалдан чыгуу үчүн баш мыйзамга өз жолубуз менен баруу бул замандын талабы экени анык.

Эми мен баш мыйзамдын президентке тийиштүү негизги өзгөрүүлөргө токтолсом. Азыркы президент кызматтан алынышы мүмкүн. Бирок кылмыш ишин жасагандыгы үчүн Жогорку Кеңеш тарабынан коюлган айыптоонун негизинде гана, парламенттин атайын комиссиясынын, анын иш-аракетинде кылмыш белгилери бар экендиги жөнүндө Башкы прокуратуранын корутундусу менен тастыкталганда.

Ошол эле учурда, айыптоону депутаттардын жалпы санынын кеминде үчтөн биринин демилгеси менен колдошу керек. Өлкөнүн негизги мыйзамында Президент "мамлекет башчысы, эң жогорку кызмат адамы жана аткаруу бийлигин жетектейт". Ал дээрлик бардык аймактарды көзөмөлдөйт [2].

Конституцияга ылайык, Президент: министрлер кабинетинин түзүмүн жана курамын аныктайт, Жогорку Кеңештин макулдугу менен, министрлер кабинетинин төрагасын жана мүчөлөрүн дайындайт: өзүнүн демилгеси боюнча же Жогорку Кеңештин, Элдик Курултайдын сунушун эске алуу менен мыйзамдын чегинде министрлер кабинетинин мүчөлөрүн жана бийликтин аткаруу органдарынын башчыларын кызматтан бошотот; башка аткаруучу органдардын башчыларын,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларын, статс-катчыны, баланын укуктары боюнча акыйкатчыны кызматка дайындайт жана кызматтан бошотот, Президенттин администрациясын түзөт, Коопсуздук Кеңешин түзөт жана жетектейт.

Ал ошондой эле референдумду өзүнүн демилгеси боюнча же жок дегенде 300 миң шайлоочунун демилгеси боюнча же Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгүнүн демилгеси менен дайындоо жөнүндө чечим кабыл алат кезектеги жана кезексиз парламенттик шайлоону жана жергиликтүү кеңештердин шайлоосун дайындайт же аларды таркатат.

**Жогорку Кеңештин VI чакырылышынын депуттары баш мыйзам боюнча референдумду дайындоо тууралуу мыйзам долбоорун экинчи жана үчүнчү окууда кабыл алышты. Жаңы баш мыйзам долбоордо аткаруу бийлигине кандай укуктар берилген?** 10-январда Кыргызстан эли президенттик башкаруу формасын тандап алышканы бардыгыбызга маалым. Жаңы баш мыйзам долбоор жазылып башкы мамлекеттик структуралардын ыйгарым укуктары өзгөртүүлөргө дуушар болгон. Аткаруу бийлиги эми толугу менен Президенттин карамагына өткөн.

**Министрлер Кабинетинин төрагасы өз алдынча чечим кабыл ала албайт.** Кыргыз Республикасында аткаруу бийлигин Президент жетектейт. Өкмөт деген түшүнүк жок болуп, анын ордуна министрлер кабинети киргизилди. Министрлер Кабинетинин Төрагасы бир эле учурда Президенттин Администрациясын да жетектейт [4].

Президент аткаруу бийлигинин ишин жетектеп, министрлер кабинетине жана ага баш ийген органдарга тапшырма берет, анын аткарылышын көзөмөлдөйт.

Президент министрлер кабинетинин жана аткаруу бийлигинин ишинин натыйжалары үчүн жеке жоопкерчилик тартат деп аныкталган. Бирок, эгер Жогорку Кеңеш республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту канааттандырарлык эмес деп тапса, анда министрлер кабинетинин мүчөлөрүн жоопкерчиликке тартат.

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын саясатты өз алдынча аныктоого жана өлкөнүн өнүгүүсүнө байланыштуу чечимдерди кабыл алууга укугу жок. Ал министрлер кабинетинин ишин мыйзамдарга, Президенттин жарлыктарына жана анын тапшырмаларына ылайык уюштурат. Бирок Министрлер Кабинетинин иши үчүн Президенттин алдында гана жооп берет.

**Жогорку Кеңешке эмес, Президентке отчет беришет.** Президенттин жоопкерчилиги министрлер кабинетинин жоопкерчилигине өтүп кетти. Министрлер Кабинетинин Төрагасынын кызматтан кетиши министрлер кабинетинин толугу менен тарашына алып келбейт. Бул норма министрлер кабинетинин ишинин туруктуулугун камсыз кылат.

Жаңы Конституцияда министрлер кабинетинин Жогорку Кеңеш алдындагы отчет берүүсү жөнүндө жобо жок. Ал эми азыркы Конституцияда Өкмөт мыйзамда каралган чектерде отчет берет. Жыйынтыгында министрлер кабинети президенттин алдында гана жооп берет. Жогорку Кеңештин тапшырмасы министрлер кабинетине милдеттүү болуп калабы же жокпу түшүнүксүз.

Өкмөт менен Жогорку Кеңештин өз ара ишмердүүлүгүнөн көптөгөн механизмдер алынып салынган. Мисалы: Премьер-министрге ишеним көрсөтпөө укугу жок, Жогорку Кенеш Өкмөттүн курамына жана түзүмүнө таасирин тийгизе албайт. Өкмөттүн Жогорку Кеңеш алдындагы отчету алынып салынган.

Президент өзүнүн демилгеси боюнча министрлер кабинетинин курамын же мүчөсүн кызматтан кетирүүгө укуктуу. Жаңы Президент шайланса министрлер кабинетинин бүт курамы ыйгарым укуктарын тапшырып берет.

Президент элге, парламентке, Элдик Курултайга өлкөдөгү иштин абалы жана мамлекеттин ички жана тышкы саясатынын негизги багыттары жөнүндө ар жылдык билдирүүлөрү менен кайрыла алат жана Жогорку Кеңешке өзүнүн ишмердүүлүгү жөнүндө "маалымат берип турушу керек. Ал Элдик Курултайда жана парламентте сөз сүйлөй алат жана төмөнкү мыйзам чыгаруу ыйгарым укуктарына ээ:

- мыйзам долбоорлорун Жогорку Кеңешке киргизет;
- мыйзамдарга кол коюу жана жарыялоо, аларды парламентке каршы пикирлер менен кайтаруу.

Ошондой эле, президент судьялар кеңешинин сунушу боюнча Конституциялык соттун жана Жогорку соттун судьяларынын кызмат ордуна шайлоо үчүн талапкерлерди Жогорку Кеңешке сунуштоо; ушул Конституцияда жана конституциялык мыйзамда каралган учурларда Судьялар кеңешинин сунушу боюнча Конституциялык соттун жана Жогорку соттун судьяларын бошотуу үчүн талапкерлерди Жогорку Кеңешке сунуштайт;

Судьялар кеңешинин сунушу боюнча жергиликтүү соттордун судьяларын дайындайт жана кызматтан бошотот;

Конституциялык Соттун жана Жогорку Соттун төрагаларын жана алардын орун басарларын беш жылдык мөөнөткө дайындайт жана аларды кызматтан бошотот.

Башка мамлекеттик органдарда президент аларды жетектей тургандарды дайындоодо артыкчылыкка

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



ээ. Ал Конституциянын учурдагы редакциясындагыдай эле башкы прокурорду (парламенттин макулдугу менен) дайындап, кызматтан кетире алат (эл депутаттарынын жарымынан кем эмесинин макулдугу менен), ошондой эле, сунуш боюнча Башкы прокурордун орун басарларын бекитүү жана кызматтан алуу.

Президенттин Улуттук банктын башчысын парламентке көрсөтүү менен Улуттук банктын төрагасынын орун басарларын жана анын башкармалыгынын мүчөлөрүн, Эсептөө палатасынын төрагасын дайындоо жана Эсептөө палатасынын мүчөлөрүнүн үчтөн бирин парламентке көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ [1].

Бирок эми президент БШКнын жарымына талапкерлерди парламентке көрсөтүүгө укуктуу. Учурдагы Конституцияда ал комиссиянын мүчөлөрүнүн үчтөн бирин гана дайындай алат деп жазылган.

Ошондой эле ал Кыргызстандын чет өлкөлөрдөгү дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн башчыларын жана эл аралык уюмдардагы туруктуу өкүлдөрүн эч ким менен эч кандай макулдашуусуз дайындайт жана чакыртып алат; чет мамлекеттердин дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн башчыларынан ишеним жана чакыртып алуу каттарын кабыл алат. Мындан тышкары, ал "ушул Конституцияда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка ыйгарым укуктарды" да жүзөгө ашырат.

Ушул ыйгарым укуктар менен президентти жоопко тартуу татаалдашат. Бул аны кызматтан алгандан кийин жасаса болот. Ал Конституцияны жана мыйзамдарды бузгандыгы же Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктарына, сот тутумунун ишине мыйзамсыз кийлигишүүсү үчүн кызматтан алынышы мүмкүн.

Бирок азыр акыркы чечим Жогорку Кеңешке жана Башкы прокурорго эмес, Конституциялык Сотко дагы байланыштуу.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы 27.10.2010-ж. (КР 2016-жылдын 28-декабрындагы №218 Мыйзамынын редакциясына ылайык).
2. http://www.kenesh.kg/ru/news/show/11009/proekt-konstitutsii-kirgizskoy-respubliki-razmeshten-na-ofitsialynom-sayte-zhogorku-kenesha
3. https://rus.azattyk.org/a/opublikovan-proekt-novoy-konstitutsii/31093620.html
4. https://www.pk.kg/news/21292
5. Абдипаттаев Т.М., Абдыкерим К.К., Бакиров У. Оценка эффективности деятельности органов местного самоуправления. // Известия ВУЗов Кыргызстана. 2015. №.5. С. 194-196.
6. Абдипаттаев Т.М., Орозбаева Ж., Бакиров У. Коррупция как системная угроза стабильности и экономической безопасности Кыргызской Республики. // Известия ВУЗов Кыргызстана. 2015. №. 5. С. 220-222.